«Ачуу айран ичебиз

Сөзү: Рыскулбеков Муканбет

Обону: Рыскулбеков Муканбет

Адыр-адыр тоолордон,

Айгыр минип түшөбүз.

А, дүйнөдө не кызык,

Ачуу айран ичебиз,

Аа-аа агайың, ачуу айран ичебиз.

Ачуу кефир ичебиз.

Ар тарапты аралап,

Кең жайлоого барабыз.

Кымыздарын аяшса,

Чийки суудан ичебиз,

Арыктан суу ичебиз ,

Аа-аа агайың, арыктан суу ичебиз

Чийки суудан ичебиз.

Алты саның аманда,

Ырда бийле карманба.

Шаң болбосо өмүрдө,

Куруп кетсин замана

Аа-аа агайың, куруп кетсин замана.

Алты саның аманда,

Ырда бийле карманба.

Бектурсунов Ильяз Кылычбекович(Ильяз Андаш)